УДК:94 (47)

Бокоев К.С.
*Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын
Тарых жана маданий мурас институту*

# КАРАКОЛ, НАРЫН ШААРЛАРЫНЫН НЕГИЗДЕЛИШИНЕ ТАРЫХЫЙ СЕБЕПТЕР

*Макалада түндүк кыргыз урууларынын XIX кылымдагы тарыхынын айрым маселелери, анын ичинде кыргыз урууларынын Орусияга кошулушу, жыйынтыгында Каракол, Нарын шаарларынын негизделиши жөнүндө тарыхый маалыматтар анализделет.*

*In this article givenanalyze of some questions of the XIX century history of the Northern Kyrgyz tribes, in particular the accession of the Kyrgyz tribes to Russia, as a result of which were based cities of Karakol and Naryn.*

2014-жылы 11-февралда barakelde.org интернет-булагына «Каракол шаарынын 145 жылдыгына карата спорттук мелдештер өтүп жатат, шаар Орусиянын өкүлдөрү тарабынан 1869-жылы негизделген. 1889-жылы шаарга Орусия саякатчысы Пржевальскийдин ысымы ыйгарылып, 1992-жылы шаарга кайрадан Каракол деген аталыш кайтарылып берилген» деген маалымат жарык көргөн. Маалымат менен таанышып чыгып, 2014-жылдын 3-мартында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Э.С.Каптагаев мырзага Нарын менен Каракол шаарлары кайсы жылы негизделгендигин аныктап тактоо үчүн, жалпы эле бул шаарлардын тарыхый маселелерин дагы бир жолу тереңден карап чыгуу үчүн К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин базасында эл аралык илимий-практикалык конференция уюштуруп берүүсүн өтүнгөн элем. Жыйынтыгында, бүгүн минтип республикалык илимий-практикалык конференциянын алкагында Каракол шаарынын негизделиш тарыхы да талкууланып жатат [1]. Ошондуктан 2014-жылы 29-январындагы Кыргыз Республикасынын Президентинин “Мамлекеттүүлүктү бекемдөө жылын жарыялоо жөнүндөгү” № 17 Жарлыгын аткаруу максатында КР УИА менен жергиликтүү бийлик республиканын аймагында жайгашкан шаарлардын тарыхын жазып, тактап, окуу китептерине такталган маалыматтарды киргизүү зарылчылыгы бар.

Бүгүнкү сөзкыла турган Каракол менен Нарын шаарларынын негизделгендигинин 145 жылдыгына карата кыргыз тарыхында кайсы тарыхый окуялар башат, тарыхый далил болуп саналат деген суроо жок эмес. Биринчиден, 1635-1758-жж. чейин дооран сүргөн Калмак (Ойрот, Жунгар) хандыгынын тарыхый окуяларына кайрылуу туура болот. Алсак,окумуштуу С.Аттокуров ж.б. белгилегендей “катуудан казан, жумшактан күл калган” калмактардын каар заманына чыдабаган ала-тоолук кыргыздар чилдей тарап, бир бөлүгү тажиктин Куляб, бир бөлүгү Гисар менен Анжиянга чейин 100 жылдан ашуун тентиген мезгилин чагылдыруу зарыл. Экинчиси, 1757-1758-жж. мына ушул күчтүү Калмак хандыгын Кытай Цинь бийлиги “миллиондон ашык калмактарды кырыпжоюп” [11, 157], азыркы Кыргызстанды калмактардан кыргыз элине толук бошотуп беришинин себептерин аныктоо. Үчүнчүсү, 1643-жылы Орто Азияга биринчи чабуул койгон калмак ханы Коң-Таажынын окуясынан кийин, 1774-жылдардан баштап тажик жергесинде 100 жылдан ашуун бөтөн эл, бөтөн жерде жүргөн кыргыздардын өз Ала-Тоосуна биринин артынан экинчисинин көчүп келишин ирээтке келтирүү. Төртүнчүсү, 1774-жылдан кийин Ала-Тоосуна көчүп келген ушул кыргыздар алы-шайына жараша азыркы Кыргызстандагы жер-сууну ээлеши менен 19-кылымдагы кыргыз тарыхынын орчундуу окуяларын тактоо туура болот. Бул жана мындан башка тарыхый маалыматтарды тактоо менен, ар кимибиз өз урук-тууганыбызды мактабай, элибизге таза жана чын тарыхты сунуштоо керек. Ошон үчүн окумуштуу Т.Өмүрбеков өз эмгегинде эң алгачкылардан болуп Кулябдан Ысык-Көлгө бугу уруусу болжолу 1774-жылдары көчүп келгендигин баян кылат [9, 7-8]. Демек,бугу уруусунун баатыры Алдаш камдуу жана шайлуу болгондуктан, Кулябда

жүргөн башка кыргыз урууларына караганда кыргыз жерине биринчилерден болуп көчүп келип, мал-жанга ылайыктуу Ысык-Көлдүн тескей бетин ээлегендиги тастыкталат.

Ал эми алы-шайына жараша кийин көчүп келген сарбагыш уруулары (Маматкул, Темир, Болот, Дөөлөткул ж.б. -К.Б.) көлдүн күңгөй бетин, саяк уруулары Кетмен-Төбөнү, солто уруулары Иле дайрасынын боюна жайгашышкан болучу. Кыргыз санжырасында: "Кулябга журт которуп 100 жылдан ашык бөтөн эл, бөтөн жерде бейкапар өмүр сүрүп жашап келген ушул уруулардын азыркы санынын көптүгүн" дагы ушул маалыматтар менен тастыктаса болот. Ошондон кыргыз-казак элинде "Казак кайың сааганда, кыргыз Көлөпкө кире качканда" деген макал азыр дагы күчүндө.

Кыргыздардын калмак хандыгы менен болгон өтө кайгылуу тарыхый окуялары азыркы илим менен билимдин космоско жеткен заманында залкар инсан Жусуп Мамайдын Манас тууралуу жазган сегиз томдук эмгегинде тастыкталган экен. Алсак, улуу манасчынын 2014-жылы 7-майда Бишкек шаарында жарык көргөн "Манас" дастанынын алтынчы тому "Асылбача-Бекбача", жетинчи тому "Сомбилек", сегизинчи тому "Чигитей" варианттарында кыргыз эли өз боштондугу үчүнкалмак хандыгы менен күрөшүп келгендигин barakelde.org жазып чыкты. Демек, кыргыз-казак эли 100 жылдан ашуун калмактардын эзүүсүндө болуп, өз эркиндиги үчүн узак жол баскандыгы боюнча алп манасчы Жусуп Мамайдын эмгектери дагы бир жолу тарыхты ырастагандыктан, жогорудагы кыргыз макалдары менен тарыхый маалыматтар шайкеш келип турат десек болот. Күндөр айга, айлар жылга тогошуп, тажик жергесинен азап менен Ысык-Көлгө көчүп келген кыргыздар жокчулукту артка таштап "силкинип-сергип", мал менен жандын саны көбөйгөн. Коңшу турган "казак жүздүктөрү" биригип, Кененсарыны хан шайлашкандыгын байкап турган кыргыз уруу башчылары 1843-жылы күзүндө азыркы Балыкчы шаары турган жерге алгачкы жолу хан шайлоо курултайын чакырышкан. Уламаларда шаар түшкөн жерди байыркы каракыргыздар "Кызыр-Аллейхисалам" жылоолоп, конгон жер деп кастарлап атап келишкен. Себеби ошол кыргыздар ал шаарда жашаган мал менен жандын ырыскысы мол болорун башынан эле билип туюшкан. Ошондуктан хан көтөрүү курултайынын жыйынтыгы менен алты дубан элден чогулган мусулмандар жапырт беш маал даарат алып, намаз окушкан. Каракыргыздар ошон үчүн ал жерди "Көтмалды" деп атап коюшкан.

Курултайга Боромбай баштаган бугулар, Ажыбек баштаган чериктер, Бүргө баштаган кушчулар, Ормон баштаган сарбагыштар, Жангарач баштаган солтолор, Ажыбек баштаган саруулар катышкан [4, 46]. Совет мезгилинде жашап көзү өткөн атактуу санжырачы Ороз болуш кызы Калыйчанын айтуусунда хандык даражага: бугудан Боромбай, кушчудан Бүргө, чериктен Ажыбек, сарбагыштан Ормондун аттары аталган. Акылга дыйкан Бай уулу Калыгул менен Олуя Эшкулунун кебин жерге таштабаган черик Ажыбек баатыр хан көтөрүү курултайдын башчысы болуп шайланат. Буга көз салып турган Бүргө анда мен куралдаш досум Ажыбек менен биргемин деп курултайдын мүчөсү болот. Көп күндүк талашып-тартышуудан кийин Ажыбек башында тургандардын калыстыгы жеңип, Ниязбек уулу Ормон "кызыл тебетей" киет. Кыргыз санжырасы ошон үчүн хан Боромбай, хан Бүргө, хан Ажыбек, хан Ормон деп атап калышкан деп айтуучу. Бул хан деп аталган улуу инсандар жөнүндөгү талашка чекит койгон каражаак акын Арстанбек Буйлаш уулунун эмгектеринде дагы кездешип жүрөт.

Санжыраларда айтылгандай, айтылуу көлдүк Алыке жана анын уулу Табылды башында турган тынымсейиттер Балбай баатыр менен Тилекмат чеченден Жети-Өгүз деген жерди талашат. Балбайга катуу таарынган Алыке 20дай түтүн эли менен өз жерин таштап Кара-Кужурга көчүп келип, убактылуу жашап калат. Буга чейин Алыкени көчүрүп келүүгө аракет кылган далалатынан тыянак чыкпаган Боромбай акыркы жолу Тилекмат-Чечен башында турган кадырлуу адамдарды Кара-Кужурга жиберет. Ал кезде көлдө Ормон хандын өлүмү боюнча бугу, сарбагыш, саяк чабышы боло элек мезгил болот. Көлдөн келген туугандарына кубанган Алыке баатыр макулдугун берип, бирок уулу

Табылды каршылык кылып, көлдөн келген кадырлуу адамдарды кагып-силкип сөзүн укпайт. Ошентип, каргышка калган Табылды кийинки жылы кийик уулап барып, көчкүдөн ажал табат. Табылдынын ашына чакыртылган Нарындан Кашкарга чейинки аймакта жашаган улуу инсандар жөнүндө Арстанбек Буйлаш уулу:

...Баатырлар кийген бариктен,
Бар шайманы келишкен.
Турдуке, Калча. Эшимбек,
Тулпарын байлап элирткен.
Катуу-багыш, Кашкардан
Хан Ажыбек келиптир
Калың тууган чериктен... - деп ырга салып, Боромбай, Бүргө, Ажыбек, Ормондордун хан аталып калышын тастыктаган [3]. Мына ушул хан шайлоо курултайында алгачкы куттуктоо сөз алган Сазан уулу Эшкулу олуя замандашы Ормонго карап: “Хан тукумун кайырчы деп айтат, каадасын билбей эл башкарсаң, эли-журтун айылчы деп айтат, кызыл тебетей кийдиңиз, аксак менен тексекке бирдей болуңуз” - деген экен. Бирок, тарых белгилегендей, Ормон Ниязбек уулу андай болбой, олуя айткандай, калмак чапкынынан кийин көлдүн аркы-берки өйүзүндө жашап калган бугу, сарбагыш, саяк уруулары “Ормондун өлүмү” боюнча турган ордуларынан козголуп, алды Текес, Кыяска, аркасы Нарын, Ат-Башыга чейин көч улагандыгы белгилүү.

Хан шайлоодогу окуя көңүлүндө калган Боромбай Орусияга кошулуу үчүн, окумуштуу Н.А.Аристов белгилегендей, 1844-жылдын август айынан баштап жашыруун Омск шаарындагы орус төрөлөрү менен байланышын күчөтүүнү максат кылып, татар соодагерлерин ортого салып, оозеки болсо дагы кат-кабар алыша баштайт. Бугу уруусу менен орустардын байланыштары 1853-54-жылдары Ормон баштагандарга белгилүү болот. Бул жана башка окуяларга өз ичинен баа берген “жалдуу барак” Ормон көлдүн тескейин кошо ээлеймин деп барып, Боромбай, Сарт аке, саяк Алыбек менен Балбайдын колуна түшүп, ажал табат. Ормондун ашы менен Пишпекте камакта жаткан Төрөгелди баатырды күтүп калган сарбагыштар кол топтоону баштайт. Бул кабарларды угуп турган “өөк барак” Боромбай 1855-жылы 17-январда Омбудагы орустарга акыркы элчисин жиберип, сарбагыштардын кыргынынан сактап калууну өтүнөт. Бирок Боромбайдын 1844-жылдын август айынын 1855-жылдын 17-январына чейин Орусия бийлигинин карамагына өтүүгө дем байлаган аракеттеринен Санкт-Петербургга баш ийип турган Батыш Сибирь генерал-губернатору П.Д.Горчаков ж.б. тарабынан баш тартылган [9, 24-25, 28-29]. Мунуменен тарыхый окуяларды иликтеп-тактасак, 1855-жылы жайында Ысык-Көлдө Ормон хандын өлөрүндөгү керээз кеби боюнча сарбагыш, бугу, саяк чоң чабышы башталат. Чабыш өтө эле ырайымсыз болуп, белдүү кыргыз баатырлары көз жумуп, мал менен эл кырылып, тарыхта белгиленгендей, жолборс чапкан Балбай баатыр бир чапканда эле 500дөн ашык саяк уруусундагы кыргыздарды жок кылып коет [6, 21].

Азыркы жаштарга таза жана чын тарыхты окутуп-үйрөтүүнү колго ала турган болсок, 19-кылымдагы кыргыз тарыхына саресеп салуу менен “чечмелейтурган” суроолор өтө эле көп. Ошол “Ормон хандын керээз кеби” боюнча болгон чоң согушту «геноцид» деп атоого болобу же болбойбу деген көйгөй бар. Окумуштуулар менен тарых изилдөөчүлөр бул суроого так жана таза жооп бербесе, келечектеги муундарга биз таза тарыхты жазып, таштап кеттик деп айтуудан алыс болобуз. Эмне үчүн Ормон хан элдин биримдигин, бүтүндүгүн ойлобой, жалгыз жаны үчүн “көлдү үч айланта чапсын” деген? Эмне үчүн журт башчы деп аталып келген бугу Боромбай, Балбай, Сартаке жана саяк Алыбектер хандын өмүрүнө биригип туруп кол салган? Төрөгелди, Адыл, Үмөталы, Балбай ж.б. улуу инсандарыбызды журт башчы болгон, журттун акылманы болгон деп атасак болобу? Муну окумуштуулар ийри олтуруп түз кеңешип, чечмелөөсү керек. 2010-жылы 14-октябрдагы «Кыргыз Туусу” гезитине «Геноцид Кыргызстанда болгон эмес» деген макала жарык көргөн. Анда: «Геноцид – бул белгилүү бир атайын топко, анын расасына, улутуна, этникалык тобуна, диний ишенимине жараша биротоло кырып жок кылууга аракет кылуу сыяктуу, адамзатка каршы эң оор кылмыштардын бир түрү». Ушул

түшүнүк илимде жана дүйнөлүк практикада төмөнкү формаларда болору такталган: 1.Белгилүү этникалык азчылыктын өкүлдөрүн максаттуу түрдө биротоло кырып жок кылууга багытталган массалык кыргын; 2. Белгилүү этникалык топ үчүн атайылап оор жашоо шарттарын түзүү аркылуу, алардын толугу же бөлүк-бөлүгү менен биротоло жок болушуна, кырылышына максаттуу аракет кылуу" деп көрсөткөн. Ошондуктан Кыргыз тарыхын жазганда кээ бирлерибиз көптүгүбүзгө салып, өз урууубузду мактабай (бийликтегилер, окумуштуулар ж.б. болсун – К.Б.) тарыхты урпактарга ары-бери чайкабай, так жазып, так окутушубуз зарыл.

1855-1870-жж. чейин болгон бугу, сарбагыш, саяк чабыштары ал урууларга жокчулук менен ууру-бөрүнү алып келген. Ысык-Көлдөгү бул чоң чабыш сегиз жылдай убакыт болуп, тынчыбаган окуяга түс караган Нарындан Кашкар чебине чейинки аймактарда жашаган черик уруусу Орусия букаралыгына кароону өз ара сүйлөшө башташкан. Ормондун «көлдү үч айланта чапсын» деген керээз кеби боюнча 1855-жылы башталган бул кандуу согуш 1863-жылга чейин басылбай, Төрөгелди, Адыл, Үмөталынын чапкынына чыдабаган Боромбай, Балбай, Мураталы, Сарыпбектер Текес, Кыяс, Кытай чегине чейин кире качып, баш калкалап, карапайым эл менен кошо мал кырылган. Ысык-Көлдүн тескей бетинде Сары бийдин уулу Тилекмат чечен баштаган чериктердин тобу менен кары-картаңдар жана өтө жакыр жашаган кыргыздар гана калган. Төрөгелди баатыр бул чабыштагы ийгилигин бекемдеп, "Сарбагыш, эсиң менен бол, качкан жоону катын талап алды" деп кылымга кеп болбойлу. Боромбайдын айлына тийбегиле, Кулан бар; Тилекматтын тобуна тийбегиле, ажыдаар Ажыбек бар"-деген кеби менен дагы тарыхта калган. Тарых белгилегендей, Ажыбек баатыр өлөөрүндө: "Ормон менен дос жана теңтуш элем. Боромбай Ормонду колго түшүргөндө бир кашык канын сурасам бербей өлтүрүп таштады. Ушул оорудан сакайсам, бир тогошуп алат элем. Бирок сакайбадым, мен өлсөм Боромбай баштагандарга топо салдырбагыла, ашыма чакырбагыла"- деп керээз кеп таштаган. Муну менен кыргыз салтын толук колдонгон Ажыбек баатыр хандын өмүрүнө кол салган Боромбай баштаган улуу инсандарды катуу жазалаган.

Орус саякатчысы П.П.Семенов Жуукунун ашуусуна жакындаганда бугу, сарбагыш, саяк кагылышынан каза болгон элдердин сөөгүн көрүп, башын чайкап таң калып, күндөлүгүнө жазып калтырган [2, 112].

Эгемендикте жарык көргөн "Кыргызстан тарыхы" деген эмгек, 1855-1863-жж. Ысык-Көл менен Нарындагы тарыхый окуялар тууралуу азын-оолак чагылдырып келип: "Теңир-тоолук Черик уруусу Кокон хандыгына, Цинь-Манжур төрөлөрүнө, Кашкардын улугу Жакыпбекке салык төлөп, кош кабат эзүүгө туш болушкан. Чериктин манаптары 1863-жылы Россияга кошулуу менен татаал абалдан чыгууну көздөшкөн" - деп баяндайт [8, 80-81]. Ал эми окумуштуу Ч.Валиханов Нарындан Кашкарга чейин 1858-жылы экинчи жолу келген сапарындагы маалыматта: "Чериктер эки бөлүккө бөлүнөт. Биринчисин таасирлүү бийлер Орус, Сасык Орус, Кенжеш менен «өтө күчтүү» Карымшак; экинчи урукту Турдуке башкарат. Ал Кокон бийлигин үстүртөдөн (номиналдуу) гана тааныйт, эч кандай зекет, салык төлөбөйт", – дейт [10, 74-75]. Эмне үчүн Ч.Валиханов 1856-жылы Ажыбек баатыр өлгөнгө чейин Нарындан Кашкарга чейинки кыргыздарды чериктерди Ажыбек менен Карымшак башкарат десе, 1858-жылы келген экинчи сапарында Карымшакты таасирлүү бийлердин катарына кошпой "өтө күчтүү Карымшак" деп атаган?

2010-жылы атактуу манасчы Ыбырай Абдрахмановдун 1958-жылы урпактарына жазып таштап кеткен кол жазмасы табылган. Анда: "Черик элин Ажыбек баатыр башкарып, Карымшак хандын карамагында турган" деген баа жеткис тарыхый маалыматтарды мурас катары таштап кеткен. Ч.Валихановдун дагы бир маалыматында «Какшаал дарыясын бойлой көчүп конуп жүрүүчү Турдуке (баатыр – К.Б.) Турфандын жанындагы (Кашкар – К.Б.) шаарынын акими (Жакыпбек-Бекдөөлөт – К.Б.) кыргыздарды алдаганына нааразы болуп, соодагер сарттардын бирин кармап алып, башына чалма ороп, "мына силерге кожо" деп Турфан дарбазасына алып келген. Жыл сайын берилүүчү Кытай Өкмөтүнүн ардактуу сыйлыгы "Кызыл топчу" мансабы "черик" уруусунун башчыларын токтотуп турган. Кожолор келгенде чериктер Кокон (Кашкар-К.Б.) бийликтерин жок санашып, алардын

буйруктарын аткарышпай тургандыгын белгилөөгө арзыйт» дейт [4, 36]. Тарыхый маалыматтардындагы биринде 1840-жылы Ат-Башыда (Нарындан Кашкар чебине чейинки аймакта-К.Б.) турган черик уруусунун баатыры Турдуке (бул улуу инсан көп учурларда Какшаал, Катуубагыш, Кашкар чебине чейинки аймактарда болуп, кыргыз-кытай чегин аныктап турган-К.Б.) баш болгон (ал эми хан Карымшак башындагы чериктер Торугарт, Ак-Сай, Арпа, Нарын, Долонго чейинки аймактарга ээлик кылган-К.Б.) кыргыздар Куртка чебинин бегине салык төлөөдөн баш тартып, эркиндик үчүн күрөш баштаган. Ошондо Куртка беги Мамыразык эки жыл бою бул кыргыздардын көтөрүлүштөрүн басып туруу үчүн Анжиян бегинен кошумча 700дөн сарбаз сурап алганы маалым дейт [7, 307]. Демек, бул жана башка тарыхый маалыматтарды тактап келип, биз калыс жана такшалган окумуштуу С.Аттокуровдун "чериктер калмактардын баскынчылык мезгилинде дагы башка кыргыз урууларындай болуп тажик жергесиндеги Кулябга кире качпай, ата-бабасы жердеген Чыгыш-Түркестан, Нарын, Кашкарга чейинки аймактардан кетпеген" деген маалыматын коштоо менен, бул уруунун 1863-жылы орустарга кошулуу тарыхын кеңири талкуулап, азыркы эгемен кыргыз тарыхына кең-кесири чагылдыруубуз зарыл.

Элдик тарых белгилегендей, алты миң түтүн эли бар Турдуке менен Карымшак 1863-жылы эрте жазда Ак-Сайдын Көл-Төр деген жерине шашылыш курултай чакырган. Бул курултайдын ушул жерде өтүшү тууралуу санжырачы Ороз болуш кызы Калыйчадан уккан кабарым бар. Турдуке менен Карымшактын агасы айтылуу Зор-Калча (Кытай Өкмөтүнөн алган кымкап чепкенине тагылган чини (погону) сакталуу турат-К.Б.) баатыр сыркоолоп ошол Көл-Төр кыштоосунда "төшөктө" болот. Санжырада айтылгандай, Ормонго Калыгулдун, Боромбайга Тилекматтын кадыры кандай керек болсо, Калчанын кадыры дагы Турдуке менен Карымшакка андан кем болгон эмес. Курултайга Дөрбөлжүндөн басыз, Курткадан чоросаяк, Какшаалдан чоңбагыш уруулары чакырылат. Курултай үч чоң маселе караган. Биринчиси: Кашкардан Долонго чейинки аймактарда жашаган кыргыздардын Орусияга кошуу, муну менен кыргыз эли-журтунун бүтүндүгүн сактап калуу; экинчиси: орус аскерлеринин күчү менен Ысык-Көлдөгү бугу, сарбагыш, саяк урууларынын чоң согушунун отун өчүрүү; үчүнчүсү: ушул согуштун кесепетинен Текес, Кыяска чейинки тентиген элди кайрадан өз жерине кайтаруу маселелери талкууланган болучу. Талкуунун жыйынтыгы менен черик уруусунун жазган каты 1863-жылы эрте жазда Ала-Тоо округунун генерал-губернатору А.Г.Колпаковскийге, андан Батыш Сибирь генерал-губернатору А.О.Дюгамельге жеткен. Дюгамель 23-апрелде Санкт-Петербургда турган Падыша Өкмөтүнүн Вице-канцлерине нарындык чериктердин орусияга кошула турган маанайын билдирип кат жазган. Ал катта: "Орусия букаралыгына черик уруусун кабыл алуу...биз үчүн өтө пайдалуу, анткени аларга биздин таасирибизди жайылтуу аркылуу Орусия бийлигиндеги кыргыз уруусу бугулардын бейкапар бейпилдиги үчүн дагы, Кашкарга ошол кыргыздар (чериктер) мекендеген аймактарды аралап өтүүчү соода жолдорун камсыз кылуу үчүн дагы эң эле оңтойлуу натыйжаларды күтүүгө болот. Орусия букаралыгына чериктердин өтүшү бөлөк кыргыз уруулары, айрыкча, сарбагыштар алардын (чериктердин-К.Б.) жолун жолдошу үчүн үлгү болушу мүмкүн, арийне, анда Орусиянын чечкиндүү таасири Кашкар чегине чейинки урууларга биротоло таркалаары анык. Эгерде чериктерди Орусия букаралыгына кабыл алуу жөнүндө маселе оң чечилсе, анда бугулар менен чериктерди башкаруу үчүн келерки жылы Ысык-Көлгө чеп куруу керек" - деп көрсөтөт.

Адабияттар:

1. 2012-ж. 08.02. "АКИпресс" агентствосуна жарыяланган кайрылуу кат; 2012-ж. 20.06. КР Президентинин Аппаратынын № Б-1155 кызматтык каты.

2. Ачикеев К. Тилекмат (тарыхый очерк). -Б., 1998. 112-б.; Жусуп Мамай. Тилекмат баяны. 19-б.; Т.Н.Өмүрбеков. Улуу инсандардын Кыргызстандын тарыхындагы ролу жана орду (19 к. ортосу-20 к. башы). -Б., 2003. - 90-б.

3. Бокоев К. Кыргыз башкаруучусу Баймурат-төрө жана тарыхый улуу инсандар. -Б.,

2006.; КР УИА тарых жана маданий институту. //Кыргызстан тарыхынын маселелери. 2009, № 2. - 93-б.

4. Джамгерчинов Б. Кыргыздар Ормон хан доорунда. //Известия вузов журналы. -Б., 2013, № 5. - 21-27-бб.
5. Джамгерчинов Б. Кыргыздар Ормон хан доорунда. -Б., 1998. - 46-б.
6. Кыргыздар: Санжыра, тарыхы, мурас, салт. /Түз.К.Жусупов. -Б., 1993. - 21-б.
7. Нарын облусунун энциклопедиясы. -Б., 1999. - 307-б.
8. Осмонов Ө. Кыргызстан тарыхы (маалыматнаама). -Б., 2003. - 80-81-б.
9. ӨмүрбековТ. Боромбай. -Б., 2003. - 24-25, 28-29-б.
10. Өмүрбеков Т.Н. Улуу инсандардын Кыргызстандын тарыхындагы ролу жана орду (19 к. ортосу-20 к. башы). -Б., 2003. - 74-75-б.
11. Плоских В.М. Биздин Кыргызстан: популярдуу тарыхый энциклопедиясы. -Б., 2004. - 157-б.